


# БУУнун Бардык эмгекчи-мигранттардын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктарын коргоо жөнүндө конвенциясы тууралуу эмне билесиз?

ЖАРАНДАРДЫ ЧЕТ ӨЛКӨДӨ ИШКЕ ОРНОШТУРУУ БОРБОРУ
ЦЕНТР ТРУДОУСТРОЙСТВА ГРАЖДАН ЗА РУБЕЖОМ

0312-64-17-64
1899

+996 (559) 18-99-00

www.migrant.kg

# БАРДЫК ЭМГЕК МИГРАНТТАРЫНЫН ЖАНА АЛАРДЫН ҮЙ-БҮЛӨ МҮЧӨЛӨРҮНҮН УКУКТАРЫН КОРГОО БОЮНЧА БУУНУН ЭЛ АРАЛЫК КОНВЕНЦИЯСЫ

Эгерде сиз чет өлкөдө иштеп жатсаңыз же иштегени кетип жатсаңыз, өз укуктарыңызды жана аларды коргоо жолдорун билүү абдан маанилүү



# КОНВЕНЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАКСАТЫ

**БИРИККЕН УЛУТТАР УЮМУНУН БАРДЫК ЭМГЕКЧИ-МИГРАНТТАРДЫН ЖАНА АЛАРДЫН ҮЙ-БҮЛӨ МҮЧӨЛӨРҮНҮН УКУКТАРЫН КОРГОО ЖӨНҮНДӨ КОНВЕНЦИЯСЫ – БУЛ ЭМГЕКЧИ-МИГРАНТТАРДЫ УЛУТУНА, ЖЫНЫСЫНА, ТИЛИНЕ, ДИНИНЕ ЖЕ МИГРАЦИЯЛЫК СТАТУСУНА КАРАБАСТАН, АЛАРДЫН КАДЫР-БАРКЫН, УКУКТАРЫН ЖАНА МЫЙЗАМДУУ КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРЫН УРМАТТООНУ КАМСЫЗ КЫЛУУГА БАГЫТТАЛГАН ЭЛ АРАЛЫК КЕЛИШИМ.**

БУУнун Бардык эмгекчи-мигранттардын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктарын коргоо жөнүндө эл аралык конвенциясы (1990-жылдын 18-декабрында кабыл алынып, 2003-жылдын 1-июлунда күчүнө кирген) – бул сиздин эл аралык коргооңуз.

Кыргызстан бул Конвенцияга 2003-жылы кошулган.

# КОНВЕНЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАКСАТЫ

Эмгекчи-мигранттарды басмырлоодон, эксплуатациядан, зомбуluктан, мажбурлап иштетүүдөн жана адам укуктарынын башка бузууларынан коргоону камсыз кылуу.






Конвенция ар бир эмгекчи-мигранттын укуктары урматталган шартта, алардын коопсуз жана татыктуу эмгектенүүсүнө багытталган.

# ЭМГЕКЧИ-МИГРАНТ ДЕГЕН КИМ?

Эмгекчи-мигрант – бул өзү жараны болуп эсептелбеген мамлекетте акы алып эмгектенген же эмгектене турчу адам.





Конвенция эмгекчи-мигранттарга да, алардын үй-бүлө мүчөлөрүнө да колдонулат.

# СИЗДИН НЕГИЗГИ УКУКТАРЫҢЫЗ

## Конвенцияга ылайык сиз төмөнкү укуктарга ээсиз:



адамдык кадыр-баркты жана негизги эркиндиктерди урматтоого;



тең мамилеге жана басмырлоодон корголууга;



адилеттүү жана коопсуз эмгек шарттарына;



аткарылган иш үчүн эмгек акы алууга;



сот адилеттигине жетүүгө жана мыйзамдуу кызыкчылыктарыңызды коргоого.

# ЭГЕР СИЗДИН УКУКТАРЫҢЫЗ БУЗУЛСА

## Укуктарыңыз бузулган учурда төмөнкүлөр сунушталат:

1. Эмгектенүүгө тиешелүү документтерди сактоо.
2. Маселени жөнгө салуу үчүн иш берүүчүгө кайрылуу.
3. Барган өлкөнүн ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарына кайрылуу.
4. Өз өлкөңүздүн дипломатиялык өкүлчүлүгүнө же консулдук мекемесине байланышуу.
5. Эмгекчи-мигранттарга жардам көрсөткөн ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга жана уюмдарга кайрылуу.

# КООПСУЗ ЭМГЕК МИГРАЦИЯСЫ

## Чет өлкөгө иштөөгө кетер алдында төмөнкүлөр сунушталат:

- иш берүүчүнүн ишмердигинин мыйзамдуулугун текшерүү;
- эмгек келишиминин шарттарын кылдаттык менен окуп чыгуу;
- ишке орношо турган өлкөнүн мыйзамдары менен таанышуу;
- маанилүү документтердин көчүрмөлөрүн сактоо;
- тууганДарыңызга иштеген жана жашаган жериңиз тууралуу маалымат берүү;
- өз өлкөңүздүн дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнүн байланыш маалыматтарын сактап алуу.

# ЭСТЕН ЧЫГАРБАҢЫЗ

**Өз укуктарыңызды билүү – коопсуз жана ийгиликтүү эмгек миграциясынын маанилүү шарты.**



Кайсы өлкөдө жүрбөсүн, ар бир эмгекчи-мигрант урматталууга жана корголууга тийиш болгон негизги адам укуктарына жана эркиндиктерине ээ.

Документтериңизди жоготпоңуз, барган өлкөнүн мыйзамдарын сактаңыз жана көйгөйлөр жаралган учурда өз убагында жардам сураңыз.



# МААНИЛҮҮ!

**Конвенция боюнча сиздин укуктарыңызды эч кандай келишим же иш берүүчүнүн басымы жокко чыгара албайт.**

«Сиз жөн гана кызматкер эмессиз. Сиз укуктарга ээ адамсыз. БУУнун Конвенциясы сизди жана үй-бүлөңүздү коргойт!»